**Амбулатордук деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу жөнүндө 2023-жылдын 12- айдын жыйынтыгы боюнча маалымат**

**ҮДТ/ҮМБ дарыгерлер тарабынан 2023-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча 1740,9 миң.** жеңилдетилген рецептер жазылса, 1448,2 миң. рецептер дарыкана аркылуу сатылып, 83%ды түздү.

Анын ичинде Ош облусу боюнча жазылган рецептер 27% түздү (465,6 миң.), Жалал-Абад облусу боюнча - 18% (311,1 миң), Бишкек шаары боюнча 15% (268,1 миң), Ысык-Көл облусу -9% (150,0 миң), Чуй облусу 9% (160,1 миң), Баткен облусу - 14% (236,1 миң), Талас облусунда - 4% (66,6 миң), Нарын облусунда - 5% (83,1 миң.).

Жеңилдетилген рецепттер боюнча сатылган дары каражаттарына отчет мезгилинде, ММК фондунун каражатынан орду толтурулган сумманын көлөмү 429,56 млн. сомду түздү анын ичинде, Ош облусу боюнча 111,4 млн сом (26%), Бишкек шаарында 71,4 млн сом (17%), Жалал-Абад облусу 89,8 млн сом (21%), Чуй облусу 49,1 млн сом (11%), Ысык-Көл облусу 28,8 млн сом (7%), Баткен облусу 41,5 млн сом (10%), Нарын облусу 22,5 млн сом (5%), Талас облусу боюнча 15,1 млн сом (4%).

**Калктын камсыздандырылган категориясына 1636,4 миң** жеңилдетилген рецепттер 2023-ж. 12 айдын жыйынтыгы боюнча жазылып берилген.

Анын арасында жазылып берилген рецепттердин максималдуу санын пенсионерлер түздү - 494,2 миң рецепт же 28%, иштегендер жана жеке ишкерлер - 350,8 миң. (20%), балдар жана студенттер -128,2 миң. (7%), социалдык жөлөк пул алуучулар 138,7 миң рецепт (8%), фермерлер - 207,4 миң рецепт (12%), кош бойлуу аялдар – 278,0 миң рецепт (17%) ж.б.

**КП ММК боюнча жазылган рецепттердин рейтинги:** темир препараттарына рецепттердин саны 21% (350,1 миң), амлодипин 11% (183,1 миң), ацетилсалицил кычкылы 10% (168,6 миң). ) , Бисопролол 10% (159,5 миң), калий йодид препараттары 7% (111,0 миң), Метформин 4% (69,8 миң), Амоксициллин 4% (59,4 миң) ж.б.

Жарандардын социалдык категориялар боюнча орду толтурулган сумма төмөнкүдөй болду: максималду пенсионерлерге 115,2 млн. сом (27%), ишегендерге 92,4 млн сом (21%), социалдык жөлөк пул алуучуларга 38,4 млн сом (7%), балдарга жана студенттерге 35,7 млн сом (8%), кош бойлуу аялдарга 55,8 млн сом (14%) ж.б.

**Жеңилдетилген категориядагы ооруулууларга 104,5 миң** рецептер жазылган анын ичинде, койулган диагноздордун арасында оорулууларды дарылоо үчүн жазылып берилген рецептердин саны талма менен ооругандарга 36,6 миң (35%) рецепт түздү, бронхиалдык астма менен ооругандарга 30,4 миң рецепт (29%), онкологиялык оорулууларга 14,2 миң (14%) рецепт, психикалык оорулууларга 23,3 миң рецепт (22%).

Жеңилдетилген категориянын арасында орду толтурулган сумма төмөнкүдөй түздү: бронхиалдык астма оорулууларга 10482,1 миң. сом (27%), талма - 12540,0 миң. сом (32%), онкология - 11582,1 мин. (29%), аффективдик бузулуулар жана параноялык шизофрения менен ооругандарга 4860,1 миң. сом (12%) түздү.

**МКП рецепттери боюнча сатылган дары-дармектердин ордун толтуруунун орточо деңгээли 89%ды, КП ММК рецепттери боюнча - 60%ды түздү.**

КП жана МКП алкагында жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүлүшү 2023-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча 80%ды түздү, пландалган көлөмү 536,8 млн сом жана сатылган дары-дармек каражаттарын ММК фондунан иш жүзүндө каржылоо 430,4 млн. сомду түздү. Региондор боюнча өздөштүрүлгөн финансылык ресурстардын үлүшү 47%дан (Чүй облусу) 94%га чейин (Баткен жана Жалал-Абад облустары) түздү.

Оорулуулардын жеңилдетилген категориялары менен камсыз кылууга багытталган каражаттар 58%га өздөштүрүлүп, план 70 млн сомду түздү жана дарыканаларга төлөнүүчү компенсациянын суммасы 40,4 млн сомду түздү. Эң начар позицияда Чүй облусу - 31%, Баткен облусу - 54%, Ысык-Көл облусу - 55%.

Оорулуулардын камсыздандырылган категориясын дары-дармек менен камсыздоого каражаттардын пландаштырылган көлөмү 466,8 млн сом жана дарыканаларды иш жүзүндө 390,0 млн сом каржылоо менен өздөштүрүү 84%ды түздү. Бул позицияда Чүй облусу боюнча эң төмөнкү көрсөткүч 51%ды түзөт.

Бардык аймактарда жаңы катталган онкологиялык оорулууларга жеңилдетилген рецепттер берилген, ошондуктан камтуу 100%дан ашты. Психикалык бузулуулар менен ооруган бейтаптарды камтуу пайызынын төмөн болушунун жана рецепттердин төмөндүгүнүн себеби, дарыканаларда жеткиликтүүлүктүн жоктугу жана психотроптук препараттарды (Циклодол, Азалепитин, Ривотрил, Вальпрой кислотасы, Карбамазепин, Галоперидол) жеткирүүнүн тез үзгүлтүккө учурашы болуп саналат. Бронхиалдык астма менен ооруган бейтаптар үчүн Беклометазон менен тез үзгүлтүктөр да байкалган.

**Онкологиялык оорулууларга** берилген жеңилдетилген рецепттердин саны 2023-жылдын 12 айдын жыйынтыгы боюнча **14,2 миң** түздү алардын ичинен Морфинге жазылган рецептер 4,7 миң (33%), Промедол - 0,6 миң (5%), Трамадол – 5,5 миң (39%), Кетопрофен – 3,2 миң (23%).

Сатылган 14,2миң рецепт боюнча (бардык жазылган рецепттердин үлүшү 93%). Сатылган дары-дармек каражаттарды накта затка которгондо Морфин 1,3 кг түздү, Промедол – 190,5 грамм, Трамадол – 9,8 кг, Кетопрофен – 9,5 кг.

Морфиндин сатылган көлөмү үчүн орду толтурулган сумма 5309,5 миң сомду түздү (46%), Промедол - 661,6 миң сом, Трамадол - 3505,7 миң. сом, Кетопрофен - 2105,2 миң сомду түздү.

ММК фонду дарыканалар менен ортосунда **түзүлгөн келишимдердин саны 175 түздү**, анын ичинде дарыканалардын чекене тармагы 990 сан түзду - 240 дарыкана, 751 дарыкана пункттары. Ошол эле учурда ҮДТ иштеген 154 калктуу конушта жеңилдетилген электрондук рецепттер менен иштеген дарыканалар жок.

Отчеттук мезгилде Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-февралындагы № 72 «Дары-дармек каражаттарына базалык баалар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун чыгышы менен орду толтурулуучу дары-дармек каражаттары боюнча маалымдама маалыматтары жаңыланган . Амбулатордук деңгээлдеги жеңилдетилген программалар боюнча 15-марттан тарта **компенсацияланган дары-дармек каражаттарынын жаңыланган маалымдамасы** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 14-мартындагы №279 буйругунун негизинде күчүнө кирди.

Ордун толтуруу үчүн дары-дармек каражаттарын тандоо боюнча 2023-жылы методикалык сунуштарды иштеп чыгуу боюнча иштер аяктады. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 17-февралындагы No 148 буйругу менен **“Мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана Кошумча милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасынын алкагында жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоонун тизмесин түзүү жана кайра карап чыгуу методикасы”** бекитилген. Бул методология далилденген натыйжалуулугу менен сапаттуу жана натыйжалуу дары-дармектерди тандоого негизделген.

Мындан тышкары, жыл бою дары-дармектерге компенсациянын өлчөмүн аныктоодо принципиалдуу жаңы ыкманы түзүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Компенсациянын өлчөмүн аныктоо үчүн негиз болуп дары-дармек каражаттарынын бекитилген чекене бааларынын негизинде дары-дармек каражаттарынын ички эталондук баасын (ИЭБ) аныктоо саналат. Учурда бул методологиянын долбоору Дүйнөлүк банктын консультанты менен макулдашылып жатат.

Ордун толтуруу үчүн дары-дармектердин тизмесин 2024-жылдын ичинде карап чыгуу жана жаңы методикалык сунуштарга ылайык компенсациянын өлчөмүн аныктоо пландаштырылууда.